КАРАЛДЫ
Педагогикалык
Кеңештин №1 протоколу
05.09.2022 ж.

БЕКИТЕМИН
К. Маликов атындагы ЖББ
орто мектебинин директору
Чортонова Н.Т.

**Эксперттик кеңеш жана эмгек паспортторун толтуруу комиссисы жөнүндө ЖОБО**

1.Жалпы жоболор

1.1. К. Маликов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Эксперттик кеңеши-бул эмгекке кошумча эмгек акы төлөө тутумун иштеп чыгуучу орган.

1.2. Эксперттик кеңеш мектептин предметтик-усулдук бирикмелери үчүн эмгекке катышуу коэффициентин (мындан ары-ЭКК) аныктоо,анын негизинде кошумча эмгек акыны эсептөө максатында ар бир мугалимге ЭККнын туура эсептелгендигин аныктайт.

1.3. Эксперттик кеңеш К. Маликов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин директорунун буйругу менен мектеп администрациясынан,профсоюз комитетинин мүчөсүнөн,эң иш билги жана чынчыл мугалимдердин ичинен түзүлөт.

1.4. Эксперттик кеңеш өз ишинде эмгек мыйзамдарын,Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын,мектеп директорунун ,эмгек иш кагаздарын жана акы төлөө жөнүндө жобону жана ушул жобону жетекчиликке алат.

1.5 Эксперттик кеңеш өз ишин мектеп директору бекиткен план боюнча уюштурат,айына бир жолудан кем эмес чогулат.

1.6. Мектептин предметтик-усулдук бирикмелеринин деңгээлинде ар бир мугалимге ЭКК эсептөө,эмгек паспортторун толтуруу жана андан ары Эксперттик кеңешке тапшыруу үчүн эмгек паспортторун толтуруу боюнча Комиссиялар түзүлөт.
Кызматкерлердин кошумча эмгек акыларын текшерүү жана эсептөө боюнча кеңеш.

2.Эксперттик кеңештин милдеттери

2.1. Эксперттик кеңеш ай сайын,мугалимдер курамынын ишинин натыйжалуулугун жана сапатын баалоо көрсөткүчтөрүнүн негизинде жүргүзүлгөн эсептөөлөрдүн негизинде,ар бир предметтик-усулдук бирикмелер үчүн эмгекке катышуу коэффициентин аныктайт.

2.2. Эксперттик кеңеш предметтик-усулдук бирикмелердин эмгекке катышуу коэффициенттеринин өлчөмүн мектептин директорунун бекитүүсүнө киргизет.Андан

кийин белгиленген мөөнөттө предметтик-усулдук бирикмелердин комиссияларына алып келет.

2.3 Комиссия эксперттик кенеш тарабынан аныкталган ар бир усулдук бирикменин кызматкерине жумуштун сапатына жана жыйынтыгынын көрсөткүчтөрүнө карап ЭКК аныктайт,эмгек паспортторун толтурат.

2.4 Комиссиялар предметтик-усулдук бирикмелердин мүчөлөрүнүн жыйыны тарабынан шайланат.

2.5 Мугалимдердин эмгекке катышуу коэффициентин эсептөө боюнча комиссиянын курамы мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

2.6 Мектептин Эксперттик кеңеши жана эмгек паспортторун толтуруу боюнча комиссия алардын ишине тиешелүү бардык документтерди жүргүзөт.

3.Эксперттик кеңештин укуктары

3.1 Эксперттик кеңеш предметтик-усулдук бирикмелердеги айрым кызматкерлерге ЭККнын чегерилишинин негиздүүлүгүн текшерүүгө укутуу.

3.2 Усулдук бирикмелердин ЭКСсын жогорулатуу,эмгек тартибин же эмгек милдеттерин бузган учурларда айрым кызматкерлерден ЭККны алып салуу же азайтуу боюнча сунуштарды киргизет.

3.3 Усулдук бирикме боюнча Комиссиянын жана кызматкердин ортосунда пикир келишпестиктер жаралган учурда,үчүнчү жак катары чыгууга укуктуу.

3.4 Мектеп кызматкерлерине сыйлык берүү же материалдык стимул берүү жөнүндө чечим кабыл алууга катышууга укуктуу.

3.5 Мектептин Эксперттик кеңеши жана эмгек паспортторун толтуруу боюнча комиссия кызматкердин кошумча эмгек акыларынан ажыратууга укуктуу.Чечим негизделген жана объективдүү себептер менен жүйөлөнгөн болушу керек.